КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

2026-жылдын 12-августу №47 Кызыл-Октябрь айылы

**Түйтө айылындагы С.Көчөрбаев, Көк-Таш айылындагы Э.Дүйшеев жана Кызыл-Октябрь айылындагы Султанаалы уулу Кушубак орто мектептерин парта, стулдар менен камсыз кылуу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутаттарынын 2026-жылдын 12-августундагы кезектеги 17-сессиясы протоколдун негизинде токтом кылат:

1. Акназаров айыл аймагынын Түйтө айылындагы С.Көчөрбаев, Көк-Таш айылындагы Э.Дүйшеев жана Кызыл-Октябрь айылындагы Султанаалы уулу Кушубак орто мектептерине парта, стулдар менен камсыз кылуу максаттуу жана керектүү деп табылсын.

2. "Альянс Алтын" фондунан Түйтө айылындагы С.Көчөрбаев, Көк-Таш айылындагы Э.Дүйшеев жана Кызыл-Октябрь айылындагы Султанаалы уулу Кушубак орто мектептерине парта, стулдар менен камсыз кылуу долбооруна колдоо көрсөтүү жагы суралсын.

3. Долбоордун тиешелүү документтерин даярдап ишке ашыруу жагы айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алулар жана инвестиция тартуу боюнча башкы адиси С.Досмамбетовага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Доулбековго жүктөлсүн.

5. Бул токтом жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**